3) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын системасын өркүндөтүү.

5. Өз ара аракеттенүүнүн алкагында ишке ашырылуучу иштердин түрлөрү:

1) үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды чогултуу, жалпылоо жана талдоо, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын системасынын натыйжалуулугун баалоо;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам берүүнү уюштуруу;

3) үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө өз учурунда маалымдоо;

4) үй-бүлөлүк зомбулукка чара көрүү жана бөгөт коюу;

5) статистикалык отчетторду түзүү.

## 3-глава. Мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби

6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсү жазуу жүзүндөгү суроо-талаптардын негизинде маалымат менен алмашуу түрүндө ишке ашырылат.

7. Координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын маалымат берүү жөнүндө суроо-талабын алган мамлекеттик орган 7 жумуш күндүн ичинде жооп берүүгө милдеттүү.

8. Ушул Тартиптин 7-пунктунда аталган мөөнөттө суроо-талапка жооп берүү мүмкүн болбогон учурда мамлекеттик орган белгиленген мөөнөттө жооп берүү мүмкүн эместиги жөнүндө толук түшүндүрмө менен орто аралык жоопту жиберүүгө милдеттүү. Мында суроо-талапты аткаруу мөөнөттөрү кошумча 10 жумуш күнгө узартылат.

9. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча функциялары тыгыз байланышта болгон мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-июлундагы № 404 токтому менен бекитилген Аткаруу бийлигинин органдарынын чектеш функцияларды ишке ашыруу боюнча эриш-аркак иштешүүсүнүн типтүү регламентине ылайык бири-бири менен Өз ара аракеттенүү регламентин түзүшөт.

10. Мамлекеттик органдардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишин ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган координациялайт.

11. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик органдар менен төмөнкүлөр аркылуу өз ара аракеттенет:

- методикалык, маалыматтык материалдарды жиберүү, консультациялык жана уюштуруучулук жардам көрсөтүү;

- жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы менен үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо иштерин өркүндөтүү боюнча жазуу жүзүндөгү сунуштарды берүү;

- жылдык отчетту түзүү үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттик органдын иши жөнүндө суроо-талаптарды жиберүү.

## 4-глава. Мамлекеттик органдардын жана уюмдардын аймактык бөлүмдөрүнүн өз ара аракеттенүү тартиби

12. Ички иштер, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо, билим берүү, балдарды коргоо боюнча органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн (мындан ары -

3-тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 токтомуна)*

## Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө ПРОГРАММАСЫ

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө программасы (мындан ары - Программа) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программасын жүргүзүүнүн бирдиктүү тартибин белгилейт.

2. Программада үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын жүрүм-турумун оңдоп-түзөө үчүн чараларды колдонуу каралган.

3. Программада өз жүрүм-турумун адекваттуу баалоо жана айлана-чөйрөдөгү адамдарга сый мамиле кылуу көндүмдөрүнө үйрөтүү, конструктивдүү жүрүм-турум көндүмдөрүн өнүктүрүү жана байытуу, социалдык мамилелерди жөнгө салуу, өзүн-өзү адекваттуу баалоону калыптандыруу каралган.

### 2-глава. Программанын максаттары жана милдеттери

4. Программанын максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын кемсинтүү жана зомбулук көрсөтүү жүрүм-турумун сыйлоо жана коопсуз жүрүм-турумга өзгөртүү методдорун киргизүү жолу менен үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан үй-бүлөлөргө жардам берүү;

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын өз жүрүм-турумунун кесепеттери үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу;

- үй-бүлөлүк зомбулукту кайра кайталанышын болтурбоого көмөктөшүү.

5. Программанын милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарды зомбулукту кантип токтотуу, өз өнөгү менен кантип туура мамиле түзүү, өз сезимдерин контролдоо жана айлана-чөйрөдөгү адамдарга сый мамиле кылууну калыптандыруу жөнүндө практикалык маалымат менен камсыз кылуу;

- Программанын катышуучуларынын терс иш-аракеттерин, ойлорун жана сезимдерин, өнөгүн, балдарын, багуусундагы башка адамдарды контролдоо каражаты катары анын зомбулукту колдонуу себептерин түшүнүүнү жакшыртуу;

- үй-бүлөлүк зомбулукту актоолорго каршы туруу;

- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарга алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн жасалган зомбулуктун терс кесепеттерин түшүнүүгө жардам көрсөтүү.

### 3-глава. Программанын максаттуу топтору жана ага катышуу шарттары

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Башка адамдар менен мамилени кантип жакшыртуу керек. Ассертивдүүлүк II | 1 саат 30 мүнөт |
| 6 | Баалоону ассертивдүү кабыл алуу | 1 саат 55 мүнөт |
| 7 | Коркутпоочу жүрүм-турумду жана сый мамилени аныктоо.<br>Үмүтсүздөндүрүүнү жана эмоциялык зомбулукту талдоо | 2 саат 15 мүнөт |
| 8 | Өнөктөш чечимдерди издөө | 2 саат |
| 9 | Сезимдер | 2 саат 15 мүнөт |
| 10 | Колдоону жана ишенимди аныктоо.<br>Жагымсыз сезимдерди жеңүү | 1 саат 45 мүнөт |
| 11 | Ачууланууну жеңүү | 2 саат 10 мүнөт |
| 12 | Сексуалдык жактан сый мамиле жасоону аныктоо.<br>Сексуалдык зомбулукту талдоо | 2 саат 35 мүнөт |
| 13 | Ак ниеттүүлүктү жана жоопкерчиликти аныктоо.<br>Балдарды жоопкерчилик менен тарбиялоо | 1 саат 55 мүнөт |
| 14 | Кызматташтыкка чакыруу | 1 саат 45 мүнөт |
| 15 | Жазалоодон баш тартуу | 1 саат 40 мүнөт |

12. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган эркектер үчүн Программанын мазмуну:

**1. Милдеттүү программа**

| № | Теманын аталышы | Узактыгы |
|---|---|---|
| | **1-бөлүк. Жеке иш** | |
| 1 | Жекече сессиялар.<br>Программага киришүү | Ар бир катышуучуга 2 саат |
| 2 | Багыт берүүчү сессия | Ар бир катышуучуга 2 саат |
| | **2-бөлүк. Топтук иш** | |
| 3 | Зомбулуксуз жүрүм-турум жана дене-боюна зомбулукту талдоо | 2 саат |
| 4 | Зомбулук контролдоочу тактика катары | 1 саат 45 мүнөт |

**2. Ыктыярдуу программа**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Зомбулук жүрүм-турумду токтотуу | 1 саат 55 мүнөт |
| 2 | Коркутпаган жүрүм-турумду аныктоо жана коркутууну жана үмүтсүздөндүрүүнү талдоо | 1 саат 45 мүнөт |
| 3 | Коркутуу жана үмүтсүздөндүрүү контролдоочу тактика катары | 1 саат 45 мүнөт |
| 4 | Коркутууну жана үмүтсүздөндүрүүнү токтотуу | 1 саат 45 мүнөт |
| 5 | Сый мамиле деген эмне жана эмоциялык зомбулукту талдоо | 1 саат 55 мүнөт |
| 6 | Эмоциялык зомбулук контролдоочу тактика катары | 2 саат |
| 7 | Эмоциялык зомбулукту колдонууну токтотуу | 2 саат |

